МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНДА НЕГИЗГИ ЖАЛПЫ ЖАНА ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫ БОЮНЧА ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯСЫ




Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

# ЖМАнын МАКСАТТАРЫ

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» мыйзамдарынын аткарылышына көзөмөл кылуу;
- окуучулардын негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларын өздөштүрүү натыйжаларынын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына дал келүүсүн аныктоо;
- билим берүүнү башкаруу системасына өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн мектеп ичинде мониторинг жана талдоо жүргүзүүнү ишке ашыруу.

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

# НОРМАТИВДИК АКТЫЛАР

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 8-апрелиндеги № 378\1 буйругу.
- «Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө ЖОБО» (КР ББИМнин 2019-жылдын 23-мартындагы № 304/1 буйругу.

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

## IX КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН **ЖМА**

- Математика (алгебра) – комплекстүү жазуу тести;
- Эне тили (кыргыз, орус, өзбек жана тажик) – дилбаяндын элементтери камтылган баяндама;
- Кыргызстандын тарыхы – оозеки сынак;
- Кыргыз тили (орус, өзбек жана тажик тилдеринде окутулган мектептер үчүн) же орус тили (кыргыз тилинде окутулган мектептер үчүн) –комплекстүү жазуу тести;
- Тандоосу боюнча сабак –оозеки сынак.

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

## XI КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН ЖМА

- Математика (алгебра жана анализдин башталышы) – жазуу сынагы;
- Эне тили жана адабияты (кыргыз, орус, өзбек жана тажик) – эссе;
- Кыргызстандын тарыхы – оозеки сынак;
- Кыргыз тили (орус, өзбек жана тажик тилдеринде окутулган мектептер үчүн) же орус тили (кыргыз тилинде окутулган мектептер үчүн) – комплекстүү жазуу тести;
- Тандоосу боюнча сабак – оозеки сынак.

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

## МЕКТЕП-ЛИЦЕЙ, МЕКТЕП-ГИМНАЗИЯ, ОТК-нын IX, XI КЛАССТАРЫНЫН ОКУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН ЖМА

- Милдеттүү түрдө ЖМАны тапшырышат;
- Математика боюнча жазуу сынактары тереңдетип окутуучу мектептер үчүн аныкталган окутуу планынын татаалдык деңгээлине ылайык жүргүзүлөт;
- Бир же эки профилдик сабактар боюнча кошумча ЖМАны тапшырышат.

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

## ЖМАны ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ (өзгөртүлгөн)

- ЖМАны даярдоо, өткөрүү тартибин жана сынак иштерин баалоо процедураларын стандартташтыруу;
- (1) XI класстарда (кыргыз, орус, өзбек жана тажик) эне тили жана адабияты;
- (2) IX класстарда (кыргыз, орус, өзбек жана тажик) эне тили;
- (3) IX класстарда (алгебра) математика;
- (4) Кыргыз тили боюнча орус, өзбек жана тажик тилдеринде окутулган мектептер үчүн жана орус тили боюнча кыргыз тилинде окутулган мектептер үчүн (IX, XI класстар).

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

## ЖМАны ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ (МУРУНКУ)

ЖМАнын тартиби жана өткөрүү форматы:

- 11-класс үчүн математикадан;
- 9-жана 11-класстар үчүн Кыргызстан тарыхынан;
- 9-жана 11-класстар үчүн тандоосу боюнча сабагынан.

**өзгөрүлгөн жок!**

- Окуучулардын ыктыярдуу республикалык тестке катышуусунда окуучулардын арызы боюнча педагогикалык кеңештердин негизги тесттин жыйынтыктарын (9-, 11-класстар) тийиштүү сабактар боюнча (оозеки сынактардын) сынактык баалар катары эсептеп коюуга укугу бар.

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

## ЖМАны ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ

- ЖМАнын материалдары салынган жабык пакеттер аймактык билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдарына жеткирилет. Алар жеткирилген пакеттерди жалпы билим берүү уюмдарына беришет.
- ПКнын мүчөлөрү сынак материалдары салынган пакетти сынак башталганга чейин 1 саат эрте ачышат.
- Пакетте жиберилген түп нускама боюнча класстагы окуучулардын санына жараша материалдарды көбөйтүшөт.

*Эскертүү: ББМБО жана мектептер сынак материалдарын сынак башталганга чейин ачкандыгы, тексттерде жана тапшырмаларда камтылган маалыматтын купуялыгын ачыктагандыгы үчүн административдик жоопкерчиликти алып барышат.*

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

## ЖМАны ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ

- Окуучулар ишти өткөрүү процедуралары, аны аткаруунун шарттары, тексттердин жана тапшырмалардын өзгөчөлүктөрү, иштин аткарылышын баалоо критерийлери менен алдын ала таанышуусу керек.
- Окуу предметтери боюнча сынактардын өткөрүү убактысына даярдык иш-чараларына бөлүнгөн убакыт (окуучуларга нускама берүү, сынак материалдары салынган пакеттерди ачуу, КӨЧМдерди көчүрүү, тыныгуу ж.б.) кирбейт.
- ЖМАны өткөрүү үчүн тексттер жана таршырмалар министрликтин сайтына жайгаштырылат (http://edu.gov.kg).

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

# ДАЯРДЫК ИШ-ЧАРАЛАРЫ

- Сынак тапшырмалары салынган пакеттерди ачуу, материалдарды көбөйтүү;
- Бүтүрүүчүлөрдү отургузуу жана нускама берүү;
- Мектептин штампы басылган барактарды жана черновиктерди таратып берүү;
- Жазуу сынак ишинин баш барагын толтуруу;
- Сынактын башталышын,узактыгын жана аякталышын, ошондой эле зарылчылык болгон кезде тыныгуу убактысын доскага белгилеп жазып коюу.

*Эскертүү: Чиймелеп, оңдоого мүмкүн боло турган кошумча барактардагы жазуулар иштелип чыкпайт жана текшерилбейт.*

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

## СЫНАКТАРДЫ ӨТКӨРҮҮНҮН ФОРМАЛАРЫ

- XI класстарда эне тили жана адабияты боюнча жазуу сынагы (кыргыз, орус, өзбек жана тажик) эссе формасында өткөрүлөт. Сынакка 5 астрономиялык саат берилет. Эссенин темалары министрлик тарабынан аныкталат. Бүтүрүүчүлөрдүн тандоосуна ар кандай проблематиканы камтыган 3 текст сунушталат:
  - көркөм текст – проза;
  - көркөм текст – поэзия;
  - публицистикалык текст.
- Окуучу сунушталган үч тексттин ичинен бир гана текстти тандап алат. ПК түп нускама боюнча окуучулардын тандаганына жараша тексттерди көбөйтөт.

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

# АРГУМЕНТТӨӨЧҮ ЭССЕ

- Эссени жазууда структурасын так жана толук сактоо зарыл:

I. Киришүү (теманы аныктоо жана тексттеги көйгөйдү формулировкалоо, актуалдуулугун белгилөө).

II. Негизги бөлүк

1. Автордун позициясын аныктоо жана түшүндүрмө берүү.
2. Тезис (окуучунун жеке пикири, автордун позициясы менен макул болуу же макул болбоо).
3. Жеке позициясын аргументтөө.

- Биринчи аргумент (окулган тексттке жана/же кыргыз, орус жана чет элдик көркөм адабий чыгармаларга таянуу).
- Экинчи аргумент (турмуштук тажрыйбаларга таянуу).

III. Жыйынтык (тыянак).

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

# АРГУМЕНТТӨӨЧҮ ЭССЕ

- Баш баракка эссе үчүн тексттин темасынын аталышы жазылат (автор, текстин аталышы ... ангемесине аргументтөөчү эссе).
- Хрестоматиялар, орфографиялык жана түшүндүрмө сөздүктөрдү пайдаланууга уруксат берилет.
- Эссенин көлөмү 150 сөздөн кем эмес жана 300 сөздөн көп болбошу керек.
- Эссе эки баа менен бааланат

| Эссенин мазмунун баалоо критерийлери | Балл |
|---|---|
| Эссенин структурасы, композициялык бүтүндүгү, логикалуулугу, ойду баяндоо ырааттуулугу; | 5 |
| Окуучунун жеке оюнун чагылдырылышы жана тезисти формулировкалоо; | 5 |
| Тексттин негизги көйгөйүн формулировкалоо жана түшүндүрмө берүү; | 5 |
| Тексттеги автордун позициясын аргументтөө жана түшүндүрмө берүү; | 5 |
| Аргументтөөнүн сабаттуулугу; | 5 |
| Жыйынтыктын бар болуусу; | 5 |
| Кептик жана стилдик нормалардын сакталышы | 5 |
| | 5 |

| Балл | Баа |
|---|---|
| 31-40 | 5 |
| 21-30 | 4 |
| 11-20 | 3 |
| 0-10 | 2 |

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

## СЫНАКТАРДЫ ӨТКӨРҮҮНҮН ФОРМАЛАРЫ

- Эне тили боюнча жазуу сынагы (кыргыз, орус, өзбек жана тажик) IX класстарда, окуучунун тексттин үстүнөн өз анатлитикалык ой жүгүртүүсүн киргизген, дилбаяндын элементтерин камтыган баяндама формасында жазылат.
- Сынакка 4 астрономиялык саат берилет. Баяндаманын тексти – бардыгы үчүн бирдей болот. Текст эки жолу окулат. Биринчи жана экинчи окулуунун ортосунда текстти түшүнүү үчүн 3-4 мүнөт берилет. Баяндаманын көлөмү 80 сөздөн кем эмес дилбаяндын элементтеринин көлөмүн эске алуу менен 250-300 сөзду түзүшү керек.

*Эскертүү: эне тили боюнча жазуу иштери эки баа менен бааланат: мазмунуна жана грамматикасына.*

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

# ДИЛБАЯНДЫН ЭЛЕМЕНТТЕРИН КАМТЫГАН БАЯНДАМА

| Критерийлер | Баяндаманын үстүнөн иштөөнүн негизги этаптары: |
| --- | --- |
| 1. Баяндаманын мазмуну | 1. Текстти окуу;<br>2. Сөздүк иш; |
| 2. Баяндаманын маанилик бүтүндүгү, кеп байланышы жана баяндоонун ырааттуулугу | 3. Баяндаманын планын түзүү;<br>4. Баяндаманы черновикке жазуу;<br>5. Каталардын үстүнөн иштөө;<br>6. Баяндаманын текстин таза баракка көчүрүү; |
| 3. Дилбаяндын элементтери | 7. Баяндаманын элементтерин черновикке жазуу;<br>8. Баяндаманын элементтерин таза баракка көчүрүү; |
| 4. Сөздүк корунун жана грамматикалык түзүлүшүнүн ар түрдүүлүгү | |
| 5. Дилбаяндын элем. | |

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

# СЫНАКТАРДЫ ӨТКӨРҮҮНҮН ФОРМАЛАРЫ

- Математика боюнча жазуу сынагы IX класстарда (алгебра) комплекстүү жазуу тест формасында өткөрүлөт.
- Математика боюнча тапшырмалар окутуу программасынын татаалдык деңгээлине ылайык (базалык жана тереңдетилип окутулган) 2 вариантта түзүлгөн.
- Сынакка 4 астрономиялык саат берилет, ал эми профилдик класстар үчүн – 5 саат.
- Тест үч бөлүккө бөлүнгөн 25 ташырмадан турат:

1-бөлүк – бир жоопту тандоо тапшырмалары (20 тапшырма);

2-бөлүк – кыскача жоопту камтыган тапшырмалар (2 тапшырма);

3-бөлүк – кеңири жоопту камтыган тапшырмалар (3 тапшырма).

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

# IX КЛАССТАРДА МАТЕМАТИКА БОЮНЧА КОМПЛЕКСТҮҮ ЖАЗУУ ТЕСТ

- Биринчи бөлүк темага ылайыктуу топтолгон, 1 туура жоопту өзүнө камтыган 20 тест тапшырмасынан турат.
- Экинчи бөлүк кыска жоопту талап кылган 2 тест тапшырмасынан турат. Туура жооп 2 балл менен бааланат. Жообун жазууда эсептөө жүргүзүлөт, жообун чакмактарга жазат.
- Үчүнчү бөлүк толук жоопту талап кылган үч тест тапшырмасынан турат. Тапшырманын аткарылышы буклеттеги атайын берилген орунга жазылуусун талап кылат, иреттүү жана толук болушу зарыл.

| Бөлүк | Тапшырмалар | Туура жооп | Максимал дуу балл |
|---|---|---|---|
| Биринчи бөлүк | №1 - №20 | 1 балл | 20 балл |
| Экинчи бөлүк | №2.1, №2.2 | 2 балл | 4 балл |
| Үчүнчү бөлүк | №3.у, №3.3 | 5 балл | 16 балл |
| | №3.2 | 6 балл | |
| | | Бардыгы: | 40 балл |

| Баллдар | Баа | Пайыз менен |
|---|---|---|
| 15-22 | 3 | 37,5 - 55% |
| 23-31 | 4 | 57,5 - 77,5% |
| 32-40 | 5 | 80 - 100% |

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

# СЫНАКТАРДЫ ӨТКӨРҮҮНҮН ФОРМАЛАРЫ

- Мамлекеттик жана расмий тилдер боюнча IX жана XI класстардын окуучуларынын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы, өзүнө функционалдык лексиканы жана грамматиканы, ошондой эле текстти окуу жана түшүнүү көндүмдөрүн камтыган комплексттүү тест түрүндө

| Класс | Аткаруу убактысы | Тесттин бөлүктөрү | Бөлүк үчүн баллдардын саны | Тест үчүн максималдуу балл |
|---|---|---|---|---|
| 9-класс | 1,5 саат | Лексика. Грамматика<br>Окуу жана түшүнүү | 40 балл<br>30 балл | 70 балл |
| 11-класс | 2,5 саат | Лексика. Грамматика<br>Окуу жана түшүнүү<br>Жат жазуу тапшырмасы менен | 60 балл<br>40 балл<br>10 балл | 110 балл |

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

# МАМЛЕКЕТТИК/РАСМИЙ ТИЛДЕР БОЮНЧА КОМПЛЕКСТҮҮ ЖАЗУУ ТЕСТИ

| Класс | Тестти аткаруу убактысы | Мазмуну | Ташырмалардын түрлөрү жана саны |
|---|---|---|---|
| Лексика. Грамматика | | | |
| 9-класс | 40 мүнөт | - жак, сан (атооч, этиш)<br>- жөндөмө категориясы (А, И, Б, Т, Ж, Ч)<br>- сан атооч, сын атооч, ат атооч, тактооч, кызматчы сөздөр<br>- сүйлөмдүн түрлөрү | Төрт варианттын ичинен бир туура вариантты тандоого 40 тапшырма |
| 11-класс | 50 мүнөт | - кептин түрлөрү<br>- кептин стилдери<br>- сөздүн тике жана өтмө маанилери<br>- сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрү<br>- жак, сан (этиш)<br>- жөндөмө категориясы (А, И, Б, Т, Ж, Ч)<br>- сүйлөмдүн түрлөрү | Төрт варианттын ичинен бир туура вариантты тандоого 60 тапшырма |

| Класс | Тестти аткаруу убактысы | Мазмуну | Ташырмалардын түрлөрү жана саны |
|---|---|---|---|
| Текстти окуу жана түшүнүү | | | |
| 9-класс | 50 мүнөт | - Мазмунду толук түшүнүү (биографиялык текст, көркөм текст, диалог)<br>- Тандалган маалыматты түшүнүү (илимий-популярдык, публицистикалык, коомдук-саясий текст) | Төрт варианттын ичинен бир туура вариантты тандоого 2 текст жана 15 тапшырма |
| 11-класс | 60 мүнөт | - Толук түшүнүү (жарнама, кулактандыруулар, анаонс, маалымкат, аба-ырайынын прогнозу)<br>- Мазмунду толук түшүнүү (биографиялык текст, өркөм текст)<br>- Тандалган маалыматты түшүнүү (илимий-популярдык, публицистикалык, коомдук-саясий текст) | Төрт варианттын ичинен бир туура вариантты тандоого 3 текст жана 20 тапшырма |

**3-бөлүк. Жат жазуу материалынын баяндалышынын ырааттуулугун аныктоого берилген тапшырма (11-класстардын окуучулары үчүн гана) - 40 мүнөт.**

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

# МАМЛЕКЕТТИК/РАСМИЙ ТИЛДЕР БОЮНЧА КОМПЛЕКСТҮҮ ЖАЗУУ ТЕСТИ

Сынак үчүн баа комплекстүү түрдө коюлат:

- 9-класс

| «5» деген баа | 59 – 70 балл |
|---|---|
| «4» деген баа | 49 – 58 балл |
| «3» деген баа | 35 – 48 балл |
| «2» деген баа | 0 – 34 балл |

- 11-класс

| «5» деген баа | 93 – 110 балл |
|---|---|
| «4» деген баа | 77 – 92 балл |
| «3» деген баа | 55 – 76 балл |
| «2» деген баа | 0 – 54 балл |

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

# ЖМАнын ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

- Жазуу сынак иштерин текшерүү тартиби министрликтин нускамалык-усулдук катынын негизинде аныкталат.
- Жазуу сынак иштерин текшерүү жана аларды баалоо сынак кабыл алынган күндү эске албаганда эки жумуш күнүнөн ашпаган убакытта жүргүзүлөт.
- ЖМАнын «2» (канааттандырарлык эмес) жана «5» (эң жакшы) деген баалар коюлган жазуу сынак иштерине рецензия жазылат.
- ЖМАны өтпөгөндөргө жана бир окуу сабагы боюнча тапшыра албай калган IX жана (же) XI класстардын окуучуларына жеке арызы менен кайрылган учурда аларга ЖМАны кайталап тапшыруу укугу берилет.

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner

# ЖМАнын ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

- Окуучулардын ыктыярдуу республикалык тестке катышуусунда окуучулардын арызы боюнча мектептин педагогикалык кеңештери **негизги тесттин (апрель-май, кошумча – июнь)** жыйынтыктарын (9-, 11-класстар) тийиштүү сабактар боюнча (оозеки сынактардын) сынактык баалар катары эсептеп коюуга укугу бар.
- «Алтын тамга» тестине кирбеген ЖМАнын кыргыз тили (окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн) жана орус тили (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн) предметтерин жалпы билим берүү уюмдары (тибине жана формасына карабай) көрсөткөн талапкерлер жалпы негизде жана белгиленген тартипте тапшырышат.

Scanned by TapScanner
Scanned by TapScanner